*К.Т. Мадиева,*
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек гуманитардык университети*

# «КОРКУТ АТА» ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕР ЖАНА ЭТНОМАДАНИЙ ТААЛИМ-ТАРБИЯ

Байыркы мезгилдерде бала тарбиялоо, деги эле инсан тарбиялоо боюнча атайын мектеп же болбосо атайын окуу жай мекемеси болгон эмес. Ал учурда педагогика илимине байланыштуу мектеп, окуучу, окутуучу ж.б.у.с. сөздөрдү да кезиктирүү мүмкүн эмес. Албетте, бул байыркы коомдогу көрүнүш. Бирок, ар бир мезгил, доордун өзүнүн тартиптери болгон, аны ошол тармакты изилдеген изилдөөчү өзүнүн изидөөсүндө көрсөтүшү керек деп түшүнөбүз. Жалпысынан, байыркы мезгилдерде, анын ичинен кыргыз элине тиешелүү таалим-тарбия иштерине токтоло турган болсок, көчмөндүк жашоону башынан өткөрүп келген кыргыз эли балдарын ата-эненин карамагында акыл-насаат кептери менен тарбиялап келишкен. Баланы тарбиялоодо эң биринчи институт үй-бүлө болгон. Андан соң коом инсандык дараметин калыптардыруу ролун жүргүзгөн. “Улууга урмат, кичүүгө ызат” деген макалдын негизинде айтылгандай, адамдар бири бирине улуу жана кичүүлүгүнө карай урмат-сый көрсөтүп келишкен. Башкача айтканда, улуу адамдар, кичүүлөргө үлгү (модель) болуп келишкен. Бул

эзелтеден бери сакталып келе жаткан салт болуп саналат. Элибиздеги “Улууну көрүп, кичүү өсөт” деген макал да бул оюбузду айгиленеп турат. Ошол ата-бабадан калган бала тарбиялоо иштерине заманбап көз караш менен карап, байыртадан келе жаткан таалим-тарбиялоо иштерине жаңычылдык киргизүү келечектин иши деп ойлойм. Мындай көз караш ааламдашуу заманына жараша өзгөртүүгө алып келет деп ишенем.

“Коркут Ата” китебинин негизги темасы – бек жана бийлердин балдарын тарбиялоо маселесин колго алган. Ошол доордогу салт боюнча 15-16 жаш курагында балдарды аскердик өнөргө тарбиялоо негизги талаптардын бири болгон. Бул жаштарда балдар колуна курал алып, жоо менен беттешпеген болсо “эр жигит” деп эсептелген эмес, урмат-сый көрсөтүлгөн эмес. Элибизде эң жакшы билинген “Эр жигит эл четинде, жоо бетинде” деген макал бар. Бул түшүнүк кыргыз элине жаңылык эмес. Кыргыз элинин байыркы жашоосунда да дал ошондой болгон, азыркы учурда да дал ошондой бойдон бул түшүнүк сакталып калган. Эр жигит жоого каршы күрөшкө баш тартпай чыгуу, эл башына күн түшкөндө душманга каршы туруу, намысты бийик тутуу, талап кылынган учурларда эл-журту үчүн өз жанын кыйып ажалга баруу керектигин даңазалаган.

“Коркут Ата” китебинде таалим-тарбияга байланыштуу макал-лакаптар арбын. Бардыгы акыл-насаат жана инсанга жол көрсөтүү максатында айтылган. “Энеден өнөр албаган кыз жаман, атадан таалим албаган уул жаман”[1] деп эң биринчи ата-эненин тарбиясына көңүл бурат. Себеби инсандын инсан катары калыптанышына эң биринчи ата-энеси жоопту болуп эсептелет. Ата-эненин сөзүн укпаган, урмат-сый көрсөтпөгөн, кандайдыр бир маселе чыкканда кеңешпеген инсан баласы эл-журтка жакпайт, коомчулукка жакпайт.

“Коркут Ата” китебинде балалуу болуу өтө чоң мааниге ээ болгон. Ошол менен катар балалуу болуу бул Улуу Теңир тарабынан берилген чоң белек экендиги айтылат. Бул бөлүмдө Баяндыр кан той жасап огуздардын бий жана бектерин чакырат. Бул тойдо ак өргөө, кызыл өргөө жана кара өргөө тигилет. Ак өргөөгө уулу болгондор, кызыл өргөөгө кыз баласы болгондор ал эми кара өргөөгө баласы болбогондор отургузулган. “Же уулу, же кызы жок жандарды Теңирим өзү каргаган, биз да ошондой кылабыз”, - дейт Баяндыр хан. Балалуу болгон инсан өзгөчө сый орунга ээ болгон коомдун мүчөсү болуп эсептелген. Огуз бийлери жыйналышты өткөзүштү. Баяндыр хан жигиттери менен Дерсе ханды тосуп чыгышты. Анын уулу жана кызы болбогондугуна байланыштуу кара боз үйгө отургузушту. Дерсе хан “Бул кара айып менден кетти же хатундан (хандын аялына берилген наам) кетти деп, кара боз үйгө отурбай чыгып кетти. Жубайына барып: “Келчи бери, үйүмдүн куту, бактым, тирегим” деп сөз баштап аялы менен кеңешет. Аялы кайыр-садага берип, ачты тойгузуп, ата-бабалардын арбагына сыйынып, Теңирден бала тилеп кайрылуу тууралуу кеңеш берет. Бул кеңешти эки кылбай Дерсе хан аткарат. Элдин батасы жана жасаган кайрымдуулук иши менен Дерсе хан көп өтпөй уулду болот.[2] Бул жерде бирөөнү күнөөлөө жок. Башка аял алайын деген да ой жок. Бир гана аялы менен күйөөсүнүн кеңешип иш жасагандыгы тууралуу ой жатат.

**“Коркут Ата” китебиндеги алптардын (баатырлардын) таалим – тарбиясы**

| | | Төрөлүш жана балачак | | | Алптык (баатырдык) көрсөтүү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баатырдын аты | Тийиштүү аңгемелер | Укмуштуу окуя менен төрөлүү | Жалгыз бала болуу | Жаныбарлар менен чоңоюуу | Жаш | Жырткыч жаныбар же укмуштуу күч менен күрөшүү | Душман менен салгылашуу | Ата-эне, тууган, аялын куткаруу | Ысымга ээ болуу |
| Букаш | 1 | + + | + + | _ | 15 | + + | ++ | ++ | + + |
| Ороз | 2, 4, 11 | | + | _ | 16 | _ | + + | + + | _ |
| Бамшы - Берек | 3, 12 | + + | + + | _ | 15 | _ | + + | _ | + + |
| Кан - Туралы | 6 | _ | + | _ | 15 | + + | + + | + + | + |
| Жүгөнөк | 7 | _ | + | _ | 15 | _ | + + | + + | _ |
| Бисат | 8 | _ | _ | + + | 15 | + + | _ | _ | + + |
| Амрен | 9 | _ | + | _ | 15 | _ | + + | + + | _ |
| Секрек | 10 | _ | _ | _ | 15 | _ | + + | + + | _ |

“Коркут Ата” китебинде эпизод болуп берилгендер + + белгиси менен көрсөтүлгөн.

**"Коркут – Ата" китебиндеги 12 аңгемеде педагогикалык аспектилер**

***1) Дерсе кандын уулу Букаш кан жөнүндө[4]***

Бул сюжеттин тарбиялык мааниси абдан чоң. Түрктөрдүн бабалары тарабынан жаралып, акыйкатчылык жана баатырдык даңазаланат. Түрк элдериндеги баатырдык баяндардын теги бай мазмунга ээ. Ал эми бул баян түрк элинин баатырдык жомокторуна уютку болуп берген. Аталган сюжеттин айрым мотивдери кыргыздардын баатырдык эпосторунда да улантылган б.а. өз жаны, өз малы үчүн баласынын жанын кыюуга чейин барган Элеман менен Эр-Төштүктүн окуясы, байкабастан баласын атып алуу "Карагул Ботом" ж.б. чыгармаларында кездешет. Бул бөлүмдө айтылгандай элдик инсандын адептик жана психологиялык сапаттары, бул сапаттардын көрүнүшү биринчи кезекте экстремалдык жана жаңжалдуу жагдайларда инсандын туруктуу мамилеси, ата менен баланын мамилеси, эненин балага болгон сүйүүсү, кек сактабай инсандын кылган күнөөсүн кечирүү, айкөлдүк, өз атасын кандай жагдай болбосун аталыгын кечпөө, бузукулар, бузукуларга карата көрүлгөн чаралар, элдин күчү, элдин батасы, тайманбас жана өзүн кармай билген жүрүм-турому мүнөздөлөт. Индивидуалдуу психологиялык сапат, бирок кээде коллективдүү социалдык психологиянын да энчиси боло алат.

***2) Салар Казандын үйүн жоо чапканда[5]***

Бул сюжетте огуздардын биримдиги, ар-намысты бийик тутушу, Казанбекти ыйык тутуп, аны сыйлап, эң башкысы тирүү турганда ар-намысты колдон чыгарбай, өз жанын курман кылгандыгы баяндалат. Эненин ар-намысына так түшүрүүдөн ашкан кор нерсе жок. Андан аябай коркушкан. Ар-намыс түшүнүгү, инсандын өзүнө-өзү жасоочу мамилесин жана ага коом тарабынан жасалуучу мамилени сүрөттөгөн. Салар Казан "Коркут Ата" китебинин эң башкы каармандары, Коркут Атанын замандашы, алп, эр жүрөк баатыр, огуз-кыпчактарынын ханы, Баяндыр хандын күйөө баласы болгон. Печенектер огуз-кыпчактардын ханы Салар Казандын үйүнө кол салат. Анын элин чаап, энесин (Чачак) жана аялын (Бөртө) туткунга алып, анын баласын союп өз энесине тартууламакчы болушат. Ошого байланыштуу эне менен баланын диалогунда баласы энесине: "Апаке! Атамдын намысын тебелетпе!!!" дейт. Ошондой эле огуз-кыпчактар намысты ыйык туткандары ачык айкын көрүнгөн. Бул жерде Манас атабыздын "эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги", "улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет" аттуу осуяттарынын толугу менен аткарылгандыгын, элдин өзүнөн өткөндүгүн көрө алабыз. Биримдик, ынтымак, ар-намыс, баатырдык даңазаланат. Ошол менен катар достук, кастык, жакшылык, жамандык, арнамыс, адамкерчилик сыяктуу маселелерди ачып көрсөткөн. Бул сюжетте атасы энесин, баласын жана аялын туткундан куткарат.

***3) Канбуура уулу Бамшы-Берек жөнүндө[6]***

Бул сюжетте огуз элинин үйлөнүү-үлпөтүнө тийиштүү маалыматтар берилген. Үйлөнүү үлпөтү, кызкаадасы түрк элдеринин маданиятында туруктуу орун алган көрүнүштөрдөн болгон. Ошондуктан кыргыз элинде педагогикалык мүнөздөгү төмөндөгүдөй макал айтылат: "Жакшыга жуучу келет, жаманга куучу (доочу) келет", "Калыңсыз кыз болсо дагы, каадасыз кыз болбойт", "Эки жакшы тоого чыкса кудалашып түшөт, эки жаман тоого чыкса кубалашып түшөт". Калың салуу салты, кыргыз элинде деги эле жалпы түрк тектүү элдерде туруктуу орун алган көрүнүш. Кыз алуучунун кыз тарапка берүүчү нарктуу малы, акчасы, байлыгы. Төө, музоолу уй же мамалактуу топоз, кулундуу бээ, улактуу эчки бир тогуз д.а. Суу төгүлбөс жорголор, үйүр-үйүр жылкы берилген бирок улуттук наркта "Алыбек, алына жараша" деген нускалуу сөз бар. "Коркут Ата" китебинде айтылгандай үй-бүлө күтүү салты абдан терең каралган. Ошондуктан жуучу тийиштүү каадасы, калың берүү, кыз узатуу үлпөтү, кыз оюн, күйөө жолдош, күйөө каадасы, күйөөлөтүү шарты, 30 күн кыз оюну, кызды күйөөгө узатуу аземи, нике кыюу түрк маданиятынын улуттук педагогикалык көөнөрбөс касиеттери. Булар бүгүнкү күндө да жаңы мазмунга, касиетке ээ болуп, мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн булагы катарында кызмат өтөөдө. Жалпы үй-бүлөө куруу жана үйлөнүү үлпөтү каралат. Бул бөлүмдүн негизге каармандары Бамшы-Берек жана Бану-Чечек болуп эсептелет. Экөө эл батасы менен төрөлгөн кыз улан. Ата энеси баласыз болуп Баяндыр хандын тоюна барышат. Ошол жерден балалуу болсун деген элдин батасына ээ болушат. Огуз Бижандын жубайы кыз төрөп, атын Бану-Чечек деп коюшат. Ал эми Байбөрүнүн аялы уул төрөп, атын Бамшы-Берек коюшат. Экөөнү бешикте болгон учурда кудалап коюшат. Бирок кийин эки бала бой жеткенде бири-бири менен таанышат. Экөө теңме-тең күч сынашып, Бану-Чечекти Бамшы-Берек жеңген соң, экөө бири-бирине куда түшүшкөн. Бирок башын байлоо менен иш бүткөн эмес. Бану-Чечектин колун сураганга жуучу болуп барыш керек эле. Бирок кыздын Качар деген тууганы, кыз сурагандын баарын жазалачу. Ошондуктан карыялар бул маселени чечүүгө чогулушуп, акыр аягы Коркут-Атаны жибермей болушат. Бул жерде Коркут-Атанын кереметтүү сыры, анын айтылган сөзүнүн кабыл алынышы толугу менен ачылып берилет. Кыздын тууганы Качар Коркут-Атаны кыз сурап келгени үчүн өлтүрмөй болгондо "Чаба турган болсоң колуң курусун" – деп Коркут-Ата айткан соң, Качардын колу асманга көтөрүлгөн бойдон катып калат. Анан ал аман тилеп, кутулат. Бану-Чечектин тууганы Качар ургаачы көрбөгөн 1000 эркек төө, бээ менен жупташпаган 1000 айгыр, кой көрбөгөн 1000 кочкор, куйругу жана кулагы жок 1000 ит, кичинекей кара тору 1000 бүргө талап кылган экен. Айтылган калың толугу менен күйөө тараптан аткарылып берилген. Коркут-Ата куйругу жана кулагы жок 1000 ит, кичинекей кара тору 1000 бүргө чыгарган калганын күйөө тарап камсыз кылган. Бул окуядан кийин эле Бамшы-Беректи 39 жигити менен жоо туткундап кетет. Ал 39 жигити менен 16 жыл зынданда жатат. Акыры туткундан кутулуп, өз мекенине кайтып келет. Кийин 39 жигитин куткарганга жана аны туткундан бошоткон Хисар ханынын кызына берген убадасын аткарганга барат. Бул жерде туруктуулук, сабырдуулук, убадасына туруу даңазаланат.

***4) Казандын баласы Орозбектин туткунга түшүшү[7]***

Негизги тема: бек-бийлердин балдарын тарбиялоо маселеси болуп эсептелет. Ошол доордун шарты боюнча 15–16 жашка чыккан кан-бектердин балдарын аскердик өнөргө тарбиялоо салты болгон. Колуна курал алып, жоо менен беттешпеген жигитти эр азамат деп эсептеген эмес. Эң жаман касиет катары коркоктук жана жалтактык эсептелген. Аскердик педагогика, педагогика илиминин бир бөлүгүнө кирет. Аскер инсандарын тарбиялоо, окутуу, согушуу ыкмалары, согуш методдорун ийгиликтүү жүргүзүүгө даярдаган. Аскердик педагогика байыркы мезгилде эле пайда

болгондугунун бир далили. Алгач кеңеш, жолдомо, үйрөтүү, аскерлерди тарбиялоо жана окутуу эрежелери катары муундан-муунга өтүп, оозеки түрдө сакталып келген. Буга "Коркут Ата" китебиндеги аталган бөлүм ачык күбө. Көптөгөн согуштун жетекчилери оригиналдуу аскердик педагогикалык системаларды түзүшкөн. Демек, бул бөлүмдө аскердик өнөргө окутуу, тарбиялоо, психологиялык даярдык, өзүн-өзү тарбиялоо, каармандык, жоого каршы күрөшкө чогуу чыгуу, эл башына күн түшкөндө душманга каршы туруу, күрөшүү, намысты бийик тутуу, керек болсо ажалга да баруу керектиги даңазаланат.

Салар Казан уулу Орозбекти карап ыйлайт. Мындай абал Орозбекке жакпайт. Атасынан "Мени караганда сени эмне ыйлатты?" – деп сурайт. Салар Казан "Оң жагымды караганда тууганым Кара Көнөйү көрдүм. Баш кесип, кан төгүп, олжого жана өз ысмына ээ болгон. Сол жагыма караганда тай акемди көрдүм. Ал дагы баш кесип, кан төгүп, олжого жана өз ысмына ээ болгон. Маңдайымда сен турасың 16 жашка толдуң баш кескен жоксун, ок атып кан төккөн жоксун. Эртең мен дүйнөдөн кайтсам, тактымды сага беришпейт деген ой менен ыйладым деп жооп берген экен. Ошондо Орозбек атасына "Талантты балдар атасынан үйрөнөбү же атасы баласынан үйрөнөбү? Сен мени согуштуруп, баш кескенди ок атканды үйрөттүңбү? деп жооп берет. Мында ата менен баланын ортосундагы көз караш жана мамиле авторитардык мүнөздө эмес, өз оюн дайыма ачык айта алган демократиялык көз караште болгондугу бул диалогдо көрүнүп турат. Мындай жоопту алган атасы баласын аң уулооого алып барып, душман менен согушкан жерлерин көрсөтүүнү чечет. Аң уулап жүргөндө Татан чебинин коркпос баатыры кол салат. Бул согушта Казандын уулу туткунга түшүп ал эми уулунун 40 жигитинин башы каапырлар тарабынан башы кесилет. Ошондо Казан уулун куткарганга барганда туткундагы уулу мындай дейт "Уул үчүн атанын өлүшү айып болот. Согушпа кайра кайт дейт". Бирок Казан уулун туткундан чоң салгылашуу менен бошотот. Кийин чоң той жасалып, Коркут Атанын берген батасы менен аңгеме соңуна чыгат.

***5) Дока-Кожо уулу Эр Домрул тууралуу***[8]

Бул бөлүмдө Коркут Ата өзүнүн жашоосун чагылдырып өткөн. Себеби Коркут Ата өлүмдөн качып, башка жерлерди кезип, өзүнүн көрөгөчтүгү менен узун өмүр сүргөн. Инсан менен Теңирдин мамилеси, ак сүйүү, таза махабат, аял-эркек мамилеси, аялдын чын дилден күйөөсүнө берилгендиги, актыгы, даңазаланат. Эр Домрул урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай, өзүнө теңдеш жок экендигин элге көрсөткүсү келет. Бир арыктын үстүнө көпүрө куруп, ал көпүрөдөн өткөндөрдөн 30 акча алат. Ал эми өтпөгөндөрдү төпөштөп 40 акча алган. Ошол мезгилде Эр Домрулга тиешелүү журтка бир айыл эл конот. Кийин ошол айылда бир жаш жигит өлүп калат. Эр Домрул: "Жигитти өлтүргөн ким?" деп сурайт. Ага "Теңирдин буйругу менен өлдү, анын жанын алган кызыл канат Азрейил" деп жооп беришет. Ал жаш жигиттин өлүмүнө ачууланып, Азрейилди согушка чакырат. Азрейил Эр Домрул жигиттери менен ичип жеп отурганда өзүнө көрүнөт. Ал жерде отургандардын эч кими Азрейилди көрбөйт. Көзү көрбөй түнөрөт, муун-жүүнү бошоп, шалактап, кара тер түшөт. Экөө бири-бири менен сүйлөшүп акырында Эр Домрул кылычын чыгарганда Азрейил көгүчкөн болуп учуп кетет. Элге жерге мактанып, артынан кубалап бир эки көгүчкөндү өлтүрүп үйгө кайтканында атынын көзүнө Азрейил көрүндү. Аты үркүп, Эр Домрулду жерге чапты. Эсиучун жоготуп, Эр Домрул жерде жатты. Ошондо Азрейил ага минип алды. Ошондо Эр Домрул Теңирден кечирим сурайт. Теңир аны кечирип, бирок өзүнүн жанынын ордуна башка жан тартуу кылуусун талап кылат. Эр Домрул эң биринчи ата-энесине барып жан сурайт. Алар макул болбой коюшат. Ошондо жубайы менен коштошконго барганда жубайы өз жанын тартуу кылат. Чын дилден берилгендик, ынактык, таза сүйүү жана махабат даңазаланган. Ошол менен катар баласына жанын бере албаган, баласына кайыр кош ата-эне бул адамдыкка жатпаган сапат Теңирге да жакпаганын билдирип, Теңир ата-энесинин жанын алуу менен окуя аяктайт. Эр Домрул өзүнүн мактанчаактыгы, текеберчилиги, ээн баштыгы Теңирге каршы чыгышы, жаман сөздөрү үчүн жазасын алды. Бул бир гана коомчулукка эмес, Теңирге да жакпаган сапаттар экендигине басым жасалды.

***6) Канды-Кожо уулу Кан-Туралы жөнүндө***[9]

Бул бөлүм үйлөнүү үлпөтүнө арналган. Өзүнө өмүрлүк жар тандоодогу шарттар, коюлган талаптар толугу менен сүрөттөлгөн. Үйлөнүүдө кыз жана жигит бири-бирин сынаган, ал сыноодон өткөн инсан менен гана өз өмүрүн кошо алган. Бул жерде кыз менен жигиттин абалы жана укуктары бирдей болгон. Кыз жигит бири-бири менен салгылашып, ал түгүл жигитти кыз жеңген. Алп кыз жигиттен согуштук жөндөмү менен артта калган эмес.

Канды-Кожо деген даанышман киши уулу Кан-Туралыны үйлөндүрмөй болот. Аны уккан уулу Кан-Туралы болуп көрбөгөндөй талаптарды коёт: "Мага тие турган кыз төшөктөн менден мурун турушу керек, менден мурда ат токуп, менден мурда миниши керек, Мен алп жоого чабуул жасай электе, чабуулга кирип, мага душмандардын башын кесип алып келиши керек. Мен дал ошондой кызга үйлөнөм" – дейт. Атасы бул талаптарды уккан соң, "анда куда-сөөктү өзүң издеп тап, калыңын мен төлөп берем" деген экен. Демек, ошол мезгилде үйлөнүүгө демократиялык көз караш менен карашкан. Эч убакта мен айткандай болот деп зордоп, каалоосуна каршы чыккан эмес. Кан-Туралы бардык огуз элин аралап өзү каалагандай жар таппайт. Канды-Кожо бир топ аксакалды жыйнап, уулуна колукту издеп сапарга чыгат. Трабзон элине келгенде Текүр кандын кызы алп экендигин, эки жааны кыйналбай атаарын эл оозунан угушат. Бирок кандын кызына үйлөнүш үчүн да катаал шарттар бар экен. Аны аткаралбаган отуз эки каапыр жигиттин башы көрүнүктүү жерде илинип турган экен. Падышанын кызына үйлөнүүгө ынтызар эң оболу үч жапайы айбанды-арстанды, кара өгүздү, кара төөнү жеңиши керек экен. Канды-Кожо бул көргөн-билгендерин уулуна айтып келет. Уулу Кан-Туралы эч камарыбайт. Ал Трабзон элине барып падышанын талаптарын толугу менен аткарып, падышанын алп кызын алып, өз мекенине жөнөйт. Кызды алып келе жатканда Кан-Туралы уйкуга кетет. Кыздын атасы жиберген 600 каапыр жоокерлери кууп келет. Кыз уктабай, Кан-Туралынын зоотун кийгизип, атына мингизип, курал жарагын колуна карматып, өзү да зоотун кийип, курал жарагын колуна алып, атын минип, Кан-Туралыны ойготот. Кан-Туралы өзүн аттын үстүндө көргөндө кааломду Улуу Теңир кабыл алыптыр деп сүйүнүп, калың жоонун колун кырышат. Кан-Туралы кармашта жараланат. Селчен Хатун Кан-Туралыны ажалдан алып арачалап калган. Мындай абалга Кан-Туралы намыстанып, кыз менен жекеме-жеке чыгат. Кармашта ал Кан-Туралы-

ны өлтүрүп коё жаздайт. Ошондо гана экөө таттуулашып, жигит кызды өз элине алып кетип үйлөнөт.

Бул чыгарма согуштук педагогикага бир гана эркектер ээ болбостон, кыздар да ээ болгондугун тастыктайт. Жыйынтыктап караганда эрдик, намыс, инсандар арасындагы мамиле даңазаланат.

***7) Казылык-Кожо уулу Жүгөнөк тууралуу***[10]

Бул бөлүмдө ата менен баланын ортосундагы тыгыз мамиле, бири-бирине жакындык, үй-бүлөгө болгон ынактык, ар-намыс, эрдик даңазаланат. Дүзмүрд элинин амири алп Дирек тарабынан туткунга алынган атасы Баяндыр хандын увазири Казылык-Кожону уулу Жүгөнөк 15 жашка чыкканда өз атасын куткарганга барганы жөнүндө баяндалат. Атасы туткунга түшкөнүн эч ким айтпай сыр кылып жүрүшөт. Бир күнү Жүгөнөк мырзалар менен сүйлөшүп жатканда Кара Көнө уулу Будак менен пикири келишпей калат. Ошондо Будак Жүгөнөккө бул жерде көп сүйлөй бербей, кыйын болсоң 15 жыл туткунда жаткан атаңды куткарбайсыңбы? деп айтып өтөт. Бул сырды уккан Жүгөнөк, атасын душмандын колунан куткарганга Баяндыр хандан кол сурайт. Өзүнө кол топтоп Дүзмүрд элинин амири менен салгылашып, аны жеңип, атасын туткундан куткарат. Баатырдыкты, тайманбастыкты, өзүнө болгон ишенимди даңазалайт.

***8) Бисаттын Төбөкөздү өлтүргөнү жөнүндө***[11]

Бул жерде никеден сырткары аял менен болуу туура эмес деп кабыл алынган. Коомчулук мындай жагдайда төрөлгөн баланы кабыл алган эмес. Ал эл катарына эсептелген эмес. Элдин батасын албай, аял менен эркектин никесиз карым- катнашынан төрөлгөн бала желмогуз болуп көрсөтүлгөн. Бир көздүү, коомчулук тарабынан жектелген, эл тарабынан кабыл алынбаган жандык бойдон кала берген. Андай баланы бир гана өлүм күткөн.

Аруз-Кожонун уулу бир жоо чапкан учурда, ызычууда кайып болгон. Ал арстан тарабынан эмизилип багылган. Кийин кайра эл-журт өз жерине көчүп барганда бул бала кайрадан табылат. Бирок ал жаныбар мүнөздүү болуп, жылкы канын ичип кайра ийинине качып кеткен. Кийин элдин кабары болуп, Коркут-Ата өзү барып, анын жаныбар баласы эмес, инсан экендигин түшүндүрүп, коомчулукка кошуп, ага Бисат деген ысым берген экен. Кийин ал, желмогуз Төбөкөздү баатырдыгы, акылы, жөндөмдүүлүгү жана амалы менен жеңет. Ал эми бул Төбөкөз, Аруз-Кожонун койчусу Конур Кожо сары чабандын пери кызы менен көңүлдөшкөндөн кийин төрөлгөн бала болгон.

Баатыр бир гана эрдик көрсөтүү менен чектелбестен билимдүү, ар тараптан тарбияланган, билимин практикалык чөйрөдө колдонгон, керек болгон учурларда айла-амалын колдоно алган эр-жигит болушу керек болгон.

***9) Бегил уулу Амрен жөнүндө***[12]

Бул бөлүмдө "Эр жигит эл четинде жоо бетинде" дегендей эл-журтту коргоо, эл үчүн кам көрүү, адилеттик даңазаланат. Баатыр бир гана баатыр бойдон калбастан, акыл-ойго камыккан айла-амалдуу баатыр болушу керектигин дагы бир жолу ачык айкын көрө алабыз. Ошол менен катар аялдын коомдо алган орду, абалы да көрсөтүлгөн. Бектер жана бийлер кандай гана маселе болбосун аялы менен кеңешип анын айтканын эки кылган эмес. Аял кадыр-барктуу абалда болгон.

Бул сюжетте Баяндыр хан Грузиядан көп салык жыйнап, аны бөлүшүүгө бек жана бийлерди чакырат. Бирок бир да бек, бий чек араны күзөтүү кызматына келбейт. Коркут Ата Бегил бекти чек араны күзөтүүгө көндүрөт. Тойдо Бегил жөнүндө анын өзүн эмес, атын таланттуу жана жөндөмдүү деп айтышат. Бегилге бул жакпайт. Ал өз жигиттерин алып чыгып кетет. Үйүнө келгенде аялы аңчылыкка чыгып, эс алышына кеңеш берет. Бегил аңчылыкта бутун сындырып алат. Аны уккан душман аларга кол салат. Душман тараптан бир баатыр келип "Бегилдин эмнеси болосуң?" деп Амрендин өзүнөн сурайт. Амрен өзү Бегилдин уулу болоорун айтып, анын жанында болбогон Салар Казан, Кара Көнө, Дүлөк, Алп Рустем, Бейрек аттуу баатырлар болгонун опузалап душмандын тыңчысына айтып, душмандын үрөйүн учурат. Ал менен согушуп жеңилип калганда Амрен Теңирден жардам сурап кайрылат. Анда душман "Сенин бир Теңириң болсо, менин 72 колдоочум (идолум) бар" деп мактанат. Ошол мезгилде душманды жерге чаап Амрен жеңишке ээ болот. Душман амандык тилеп, "Сенин Теңирин ким?" деп анын динин кабыл алат. Аны уккан душман үрөйү учуп, кайра кайтат. Амрен атасына жардам берип, айла-амал менен келген жоонун колун кырып жок кылгандыгы тууралы баяндалат.

***10) Уйсун-Кожо уулу Секрек тууралуу***[13]

Бул бөлүмдө эрдик, элди-жерди коргоо гана эмес, адамкерчилик, улуу-кичүү ортосундагы адептик мамиле, улууга сый көрсөтүү, ыйман сыяктуу маселелер чагылдырылат. Эр жигит – эли-жерин коргоочу, ошону менен катар адамкерчиликтүү, ыймандуу, адилеттүү, өз жерин сүйгөн, улууларга сый – урмат көрсөткөн сапаттарга да ээ болушу керектигин тастыктайт. Уйсун-Кожонун Эгрек жана Секрек аттуу эки баласы болгон эле. Анын туңгуч баласы Эгрек көйрөң, мактанчаак, кытмыр, адепсиз инсан катары көрсөтүлөт. Албетте бул терс көрүнүш аркылуу мындай инсандын модели коомго керек эместигин көрсөткөн. Эгрек ошол учурдагы ошол коомдун талаптарына жооп берген инсан болгон эмес. Мындай сапаттарынан улам эл тарабынан жектелип, эмне эрдик кылганы каралат. Ал өзүн коомдун мүчөсү кылып кабыл алдыруу, сый-урматка ээ болуу максатында жоо чапканга кеткенде туткунга түшөт. Анын иниси Секрек, ата-энеси эч кимге айтпай сактаган бул купуя сырды бири-бири менен согушуп жаткан эки баладан угат. Эки жетим урушуп жатканда экөөнүн бетине урат. Буга чыдабаган жетимдин ачуусу келет. "Биздин жетимдигибиз жетпейби? Ошончолук болсо туткунда жаткан байкеңди куткарбайсыңбы" - дейт. Ата-энесине барып, алардын макулдугун зорго алып байкесин душмандын туткунунан куткарганга аттанат. Душмандын жерине барып койчуларын өлтүрөт. Аны уккан душман Секрекке курал-жарактуу 60 аскер жиберет. Секрек алардын мизин кайрыйт. Экинчи жолу 100 аскер жиберет, аны да жеңет. Үчүнчү жолу туткундагы Эгректи чыгарып, 300 аскер менен кошо Секрекке жиберет. Эгрек инисинин жанына барса тердеп уктап жаткан болот. Белиндеги комузун көрөт. Комуз ойноп Секректи ойготот. Экөө бири-бирин сурашып, ага-ини экендигин билишет. Экөө душмандын колун талкалап, ата-мекенине кайтып келишет. Бул жерде тууганчылык, ынактык, эч нерседен коркпой өз максатына жетүү, өз алдынчалык, өз күчүнө ишеним, баатырдык даңазаланат.

***11) Салар Казандын туткунга түшүшү жана аны уулу Ороздун бошотушу тууралуу***[14]

Бул бөлүмдө уйку – "кичи ажал" катары каралат. Себеби баатырлар терең уйкуга киргенде дайыма жоо чаап келет. Бул сюжетте да Салар Казан уктап калганда

жоо келип аны туткунга алып, ал эми жанындагы бектерди кырып таштайт. Эң негизгиси бул жерде азил-тамаша, юморго, оюн-күлкүгө чоң маани берилген. Салар Казанды байлап, араба менен алып кетип баратышкан жеринен ойгонгон экен. Камырабай жата берип, анан байланган жибин үзүп, жоокерлерге “Мен түшүмдө бешикте жатам го, ал эми жанымда мени баккан энем терметип ырдап жаткан экен” деп мазактаган экен. Кийин ал үңкүрдө туткунда жатканда Трабзон элинин амиринин аялы келип, “Ден-соолугуң кандай баатырым”- деген экен. Анда да Салар Казан “Силердин мурунку өлгөн туугандарыңардын ырыскысын тартып алып, ал эми өздөрүн ат кылып минип жүрөм. Сенин кызың аябай күлүк экен” - деп айткан экен. Салар Казандын баласы Ороз кеңештен чыгып келе жатканда, бир киши чыгып “Сен Салар Казандын уулусуңбу?” - деп сурайт. Анда Ороз “Жок. Менин атам Баяндыр хан эмеспи?” - деген экен. Анда ал киши “Сенин атаң Салар Казан. Ал Томан чебинде туткунда. Ал эми Баяндыр хан энеңдин атасы” - деп чындыкты айткан экен. Ошондо Казандын уулу Ороз атасын душмандын туткунунан бошотушу менен окуя аяктайт. Бул жерде баатырга дагы азил-тамаша, юмор, оюн-күлкү сыяктуу сапаттар кошулат.

***12) Сырткы огуздардын ички огуздарга каршы чыгышы жана Бамшы-Бейректин өлүмү***[15]

Бул бөлүмдө уруулар ортосундагы уруш, пикир келишпестик, ички огуздар менен сырткы огуздардын кандуу кармашы сүрөттөлөт. Ал эми мындай абал дайыма болуп турган реалдуу көрүнүш. Эки элдин ортосунда болгон кагылыштар элдин бirимдигин бузуп, жакшылыкка алып келбей тургандыгын көрсөтүү бул бөлүмдүн эң негизги максаты болуп эсептелет.

Салар Казан өз үйүн, жыйнаган мүлкүн элге таратууну чечет. Хандын үйүн талап-тоноо иш-чарасына огуз эли – “үч ок” (ички огуз) жана “бозок” (сырткы огуз) катышышы керек эле. Бирок, Казандын үйүн тоноо салтанатына жалаң гана ички огуздар келет. Ал эми Аруз-Кожо баш болгон сырткы огуздар ачууланып, салтанатка келбей калат. Алар жөн гана катышпай калбай, кийин Казанга каршы тымызын иш-чараларды да жүргүзө башташат. Бул ишке жардам бериш үчүн Бамшы-Беректи чакырат. Бирок, Бамшы-Берек мындай оопасызыкка көнбөй коёт. Ички огуздардын беделдүү беги, адал жүрөк Бамшы-Беректи Казанга болгон адалдыгы үчүн Аруз-Кожо аны зулумдук менен өлтүрүп коёт. Бул кабар толугу менен элге жайылган соң, ички огуздар менен сырткы огуздардын кандуу салгылашуусу башталат. Бул согушта эки элдин ортосуна чок салган Аруз-Кожо өлтүрүлөт.[16]

Бул бөлүмдө элди – жерди коргоо, баатырдык салт, ханын жана элин ыйык тутуу, ыйман нормаларына чакыруу (урмат-сый көрсөтүү, ар ким өзүнүн жерин жана ордун билип жүрүшү), адепсиздик, зулумдук, адилетсиздик, ичи тардыкка каршы күрөшүү сыяктуу маселелер камтылган.

Корутундулап айтканда, Коркут ата чыгармасында жогоруда көрсөтүлгөндөй, ошол мезгилде эл ичинде балага болгон мамиле жана анын инсан болуп калыптанышына болгон элдин таалим-тарбиялык иштери кандай болгондугуна токтолдук. Үй-бүлөлүк жана коомдук таалим-тарбиянын орду жана ролу тууралуу, маселен, ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле, ошондой эле ал мезгилдеги эркектердин аялдарга болгон мамилелери так жана даана көрсөтүлдү. Айрыкча баса белгилеп кетчү нерсе, ошол мезгилде ата менен бала ортосундагы демократиялык мамиленин бар экендиги да ачык айтылган, демек мында, бала өзүнүн оюн, принцип жана баалуулуктарын өнүктүрүүдө өз эркине коё билүүсү бар экендиги жакшы берилген.

***Адабияттар***

1. Байыркы орток түрк адабияты. – Б.: Шам басмасы.-1996.

2. Orhan Şaik Gökyay. Dede Korkut Hikayeleri. –Ankara.- T.C. Kültür Bakanlığı.- 2000.

3. Uluslararası Dede Korkut konferans kitabı. Ali Duymaz. Dede Korkut Kitabında Alpların Eğitimi ve Geçiş Törenleri. Atatürk yüksek kurumu-Atatürk Kültür Merkezi. - 19-21- октябрь. 1999.

4. Muharrem Ergin. Dede Korkut Kitabı. 28. Baskı. –İstanbul. –Boğaziçi yayınları A. Ş. No: 51. –Ağustos. -2004.